**Мектептеги усулдук бирикме жөнүндөгү жалпы жобо.**

**1**.Усулдук бирикмелер,жалпы билим берүү уюмдарынын усулдук кызматынын структуралык бөлүгү болуп эсептелет. Мугалмидерди предметтер,билим берүү чөйрөлөрү,тарбиялык иштердин түрлөрү боюнча бириктирет.

**2.**Усулдук бирикмени кесиптик жогорку билимдүү жана билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес иш стажысы бар предметтик мугалим жетектейт.

**3.**Билим берүү уюмдарынын алдына коюлган милддеттери комплекстүү чечүү зарылдыгына жараша усулдук бирикмелердин саны аныкталат,усулдук кеңештин чечими менен белгиленет жана директордун буйругу астында бекитилет.

**4.**Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучуларды тийиштүү билим берүү чөйрөсүнө дал келген предметтер боюнча даярдашат.

**5**.Усулдук бирикмелер түздөн-түз директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына баш иет.

**6.**Усулдук бирикмелер оз ишмердүүлүгүндө Конституцияны,Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана билим берүү чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук документтерди жетекчиликке алат.

## *Метод бирикме жетекчилеринин милдеттери*

*1.Предметтер боюнча методикалык ишке жетекчилик кылат.*

*2.Кабинет башчылары менен иш алып барат.*

*3.Мугалимдердин курстан отуусун камсыз кылат*

*4.Илимий-методикалык иштин жалпы багыттарын иштеп чыгат.*

*5.Окуу планы жана программанын аткарылышына козомолдук кылат.*

*6.Мугалимдин иш тажрыйбасын анализдейт.*

*7.Оз ара сабакка катышуусун уюштурат.*

*8.Окуучулардын билимин текшерүү максатында тест алууну жургузот.*

*9.Дептер,кундолуктордун текшерилишин козомолдойт.*

*10.Кружок иштерин жетектейт.*

*11.Чыгармачылык ачык сабактарды уюштурат.*

*12.Конкурстук коргозмолорду уюштурат.*

## Усулдук бирикмелердин мугалимдеринин милдеттери.

1. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун устунде иштөө.
2. Усулдук бирикменин отурумдарына,практикалык семинарларга, алдынкы иш-тажырыйбасы бар мектептердин семинарларына катышуу.
3. Педогогикалык ишмердүүлүктөгү өзүн-өзү анализдөөнүн негиздерин билүүсү.
4. Усулдук бирикменин усулдук жана маалымат иштерине катышуу.
5. Окуулуучу предметтин,курстун,кружоктун ж.б.боюнча документтерди иштеп чыгаруу.
6. Окуу предметтерин окутууну пландаштыруу, болжолдоо,аныктоо боюнча материалдарды иштеп чыгаруу.
7. Окуучуларды окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуу усулдары боюнча чыгармачыл отчетторду жүргүзүү.
8. Жаш мугалимдерге жардам көрсөтүү.
9. Мектептеги мугалимдер үчүн предметти окутуу усулунун көйгөйлөрү боюнча консультацияларды жүргүзүү.
10. Мектептин мугалимдери жана окуучулары үчүн илимий-практикалык конференцияларды өткөрүү жана ага катышуу.